**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**№12 ЫДЫРЫС КАДЫРКУЛОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**

721503, Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад обл., Тогуз-Торо р-ну,
Кош-Булак а., Кайыңды 12
e-mail:**ydyryskadyrkulov28@gmail.com**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА №12 ИМЕНИ ЫДЫРЫСА КАДЫРКУЛОВА**

721503, Кыргызская Республика,
Жалал-Абадская обл., Тогуз-Тороуский р-н,
с. Кош-Булак , ул. Кайыңды 12
e-mail: **ydyryskadyrkulov28@gmail.com**

# БУЙРУК

Кош-Булак айылы

«01» 09 2022-жыл №36

**Мектеп компоненттери жөнүндө**

2022-2023-окуу жылында 1-сентябрдан баштап 8-класска кыргыз адабияты предметинен, 5-класска информатика, 10-класс география предметинен мектеп компоненти боюнча сааттар бөлүнүп берилсин.

**Негизи:** Билим берүү жана илим минситрлигинин 2022-2023-окуу жылында базистик окуу планында 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругу жана педагогикалык советтин чечими менен

Мектеп директору _______ Г.Ш.Жээналиева

Сканировано с CamScanner

№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орт мектебинин усулдук кенештин чогулушунун

## Протоколу №1

1-сентябрь 2022-жыл
Катышкандар- 22
Мугалимдер-22

### Каралуучу маселе:

1. 5-8 класстар жана 10-класстар үчүн мектеп компонентине сабак киргизүү жөнүндө.

Угулду, №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде усулдук кеңешинин чогулушунда 5-класс информатика , 8-класс кыргыз адабияты , 10-класстарга география сабагын мектеп компонентине киргизүү боюнча маалыматты жана ой пикирлерди окуу бөлүмүнүн башчысы Ташполот кызы Гүлгакы тарабынан сунушталды.

Саламатсыздарбы, усулдук кенештин мүчөлөрү базистик пландын негизинде мектеп компонентин 5-8 класстар жана 10-класска тандаган предметтерди киргизишибиз керек. Мектеп компонентине кирген предметтер окуучулар үчүн пайдалуу болуш керек .

5-класстын класс жетекчиси Сулайман кызы Токтокан: 5-класстар менене сүйлөшүү жүргүзөндө информатика сабагын тандашты . Анткени, бүгүнкү күндө окуучулар "PISA-2025" олимпиадасына катышуу үчүн, компьютерди жакшы билиш керек деген пикирлерин айтышты.

8-класс жетекчиси Турдакунова Бурулсун: 8-класстагы кыргыз адабият сабагын тандашты. Анткени ЖРТга даярдоодо окуп түшүнүү жана логикалык фразеологиялык сөздөргө басым жасоо максатында көпүлүгү колдошту.

10-класстын класс жетекчиси Таштанбек кызы Элиза: 10-класс география сабагын тандашты. География предметинен класстан тышкаркы темалардын өкүлдөрү келгендигин белгилешти. Окуучуларды жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоо болуп эсептелет. Окуучулар ЖРТга кенерээк даярданып,ар бир окуучу тест менен иштешет. Көбүрөөк даярдануунун негизинде окуучулар ЖРТдан жогорку балл алышат.

Мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Ташполот кызы Гүгакы:

Жалпы мугалимдердин чечими менен 5-класска информатика 1саат, 8-класска кыргыз адабияты 1 саат жылына 34 саат,10-класстарга география сабагын жумасына 1саат жылына 34 саат менен компонент сабагы киргизилди.

Мугалимдер өз ойлорун, сунуш-пикирлерин айтып талкуулашты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат:**

1.5-класска информатика предмети 1 саат, 8 класска кыргыз адабияты 1 саат жылына 34 саат , 10-класстарга география сабагын жумасына 1 саат жылына 34 саат мектеп компоненти сабагын киргизүү жана жактырылып колдоого алынсын.

2. Информатика, кыргыз адабияты, география предметтери мектеп компоненти сабагына календарлык тематикалык план түзүлүп,окуучулварга тест менен ишөө менен жалпы Республикалык тестирлөөгө даярдоо үчүн окуу программасын кабыл алууга Токтом кылынсын
3.Бул токтомдун негизинде буйрук чыгарып берүү жагы мектеп директору Жээналиева Гүлүмдөн суралсын

4.Бул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырамын.

Чогулуштун башчысы: Ташполот кызы Г

Чогулуштун катчысы: Алманбет кызы А

Сканировано с CamScanner